УДК 37.013.2 https://doi.org/10.56122/..v1i2.218

# ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН МААЛЫМАТТЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЫКМАЛАРЫ

Гапарова Г.И., ОшМПУнун аспиранты
gaparova8282@gmail.com
**ORCID**: 0009-0000-3715-5573

**Аннотация:** Чет тилин окутууда студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу - бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болууда. Бул макалада чет тилин окутуу процессинде студенттердин маалыматтык компетенцияларын жогорулатууга багытталган педагогикалык ыкмалар каралат жана алардын билим берүү процессинде колдонулушунун натыйжалуулугу талкууланат. Маалыматтык маданият студенттерге маалыматтарды изилдөө, талдоо, колдонуу жана жыйынтыктоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Окутуу процессинде интерактивдүү методдор, проекттик иш, интернет ресурстарын колдонуу, критикалык ой жүгүртүү жана медиа ресурстарды интеграциялоо аркылуу студенттердин активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мунун натыйжасында студенттер чет тилин эффективдүү үйрөнүп, глобалдык маалыматтык дүйнөгө ийгиликтүү интеграциялануууга даяр болушат. Макалада сунушталган педагогикалык ыкмалар билим берүү процессинин сапатын жакшыртууга, студенттердин маалыматтык маданиятын өнүктүрүүгө жана заманбап билим берүү талаптарына жооп берүүгө багытталган.

**Негизги сөздөр:** жаны технология, маалыматтык маданият, процесс, интеграциялоо, эффективдүү, критикалык ой жүгүртүү, интерактивдүү, компетенция, активдүү, ыкма.

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ МЕТОДЫ ФОРМИРОВАНИЯ ИНФОРМАЦИОННОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ ПРИ ОБУЧЕНИИ ИНОСТРАННОМУ ЯЗЫКУ

Гапарова Г.И., аспирант ОшГПУ
gaparova8282@gmail.com
**ORCID**: 0009-0000-3715-5573

**Аннотация:** Формирование информационной культуры студентов при обучении иностранному языку является одной из актуальных проблем современности. В статье рассматриваются педагогические методы, направленные на повышение информационных компетенций студентов в процессе обучения иностранному языку. Информационная грамотность помогает учащимся развивать навыки исследования, анализа, применения и обобщения информации. Посредством интерактивных методов, проектной работы, использования интернет-ресурсов, критического мышления и интеграции медиа-ресурсов будет повышена активность и самостоятельность учащихся. В результате студенты эффективно изучают иностранный язык и готовы успешно интегрироваться в глобальный информационный мир. Предлагаемые в статье педагогические методы направлены на повышение качества образовательного процесса, развитие информационной культуры учащихся, соответствие требованиям современного образования.

**Ключевые слова:** новые технологии, Информационная культура, процесс, интеграция, эффективность, критическое мышление, интерактивность, компетентность, проактивность, метод.

# PEDAGOGICAL METHODS OF FORMING INFORMATION CULTURE OF STUDENTS IN TEACHING A FOREIGN LANGUAGE

Gaparova G.I.,graduate student of OshSPU
gaparova8282@gmail.com
**ORCID**: 0009-0000-3715-5573

**Abstract:** The formation of the information culture of students in teaching a foreign language is one of the urgent problems of our time. The article discusses pedagogical methods aimed at improving the information competence of students in the process of learning a foreign language. Information literacy helps students develop the skills of research, analysis, application and generalization of information. Through interactive methods, project work, the use of Internet resources, critical thinking and the integration of media resources, student engagement and autonomy are enhanced. As a result, students effectively learn a foreign language and are ready to successfully participate in the global information world. The pedagogical methods presented in the article are aimed at improving the quality of the educational process, developing the information culture of students, and meeting the requirements of modern education.

**Key words:** New technologies, Information culture, process, integration, efficiency, critical thinking, interactivity, competence, proactivity, method.

XXI кылымда бүткүл дүйнө ааламдашуу доорунун кучагына тартып жаткан учурда, тилге болгон кызыгуу артып, анын ичинен англис тилине болгон кызыгуу ага болгон суроо-талаптар дагы күн санап жогорулап жатканы баарыбызга белгилүү болууда. Билим берүү системасында чет тилин окутуу студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандырууда маанилүү ролду ойнойт. Глобализация жана маалыматтык технологиялардын өнүгүшү менен студенттердин чет тилин билүүсү гана эмес, ошондой эле маалыматты анализдөө, түшүнүү жана колдонуу жөндөмдөрү да жетиштүү деңгээлде болушу керек [1, 232].

Учурда коомубузда сапаттык, татаал жана карама-каршылыктуу өзгөрүүлөр болуп жатканына күбө болуудабыз. Биздин өлкөнүн билим берүү тармактарында чет тилдерди үйрөнүү жана окутуунун жаңы ыкмаларын, технологияларын издөө зарыл болгондуктан ар кайсы тараптан өнүгүп жатат. Чет тилин окутуу процессинде студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу бүгүнкү күндө өзгөчө мааниге ээ. Заманбап дүйнө менен байланыша турган критикалык ой жүгүртүү жана инновациялык чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Глобализациянын жана маалыматтык технологиялардын тез өнүгүшү билим алуу процессине жаңы талаптарды коюуда. Бул макалада чет тилин окутууда маалыматтык маданиятты калыптандыруу үчүн колдонулуучу педагогикалык ыкмаларды талкуулайбыз.

Маалыматтык маданият – бул маалыматты туура издеп, аны талдап, туура чечимдер кабыл алуу үчүн керектүү билимдердин жыйындысы. Анын калыптануусу студенттердин чыныгы жашоосунда, кесиптик ишмердүүлүгүндө жана социалдык жашоосунда маанилүү ролду ойнойт. Чет тилин окутууда бул маданиятты өнүктүрүү, студенттердин жалпы билим деңгээлин жогорулатууга, аларды акыл-эстүү жана жоопкерчиликтүү инсан катары даярдоого мүмкүнчүлүк берет. Ушул себептен, чет тилин окутууда студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу темасы өзгөчө актуалдуу болуп саналат, анткени ал жаш муундарды глобалдык чындыкка ылайык даярдоого багытталууда.

Окутуу ыкмалары маалыматтык маданиятты калыптандырууда жана студенттердин активдүүлүгүн жогорулатууда жакшы натыйжа берет. Интерактивдүү окутуу, проекттик иш, интернет ресурстарын колдонуу, медиа материалдар жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү сыяктуу педагогикалык ыкмалар, студенттердин билим алуусун жакшыртууга жана алардын маалыматтык компетенцияларын бекемдөөгө жардам берет жана чет тилин окутууда студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык ыкмаларына токтолуп, алардын билим берүү процессинде колдонулушунун натыйжалуулугу талкууланат. Чет тилин эффективдүү үйрөнүү менен студенттер өздөрүнүн маалыматтык маданиятын өнүктүрүүгө, ошондой эле глобалдык маалыматтык коомдо ийгиликтүү иш алып барууга даяр болушат[3,140].

Чет тилин үйрөнүү бүгүнкү глобализацияланган дүйнөдө маанилүү аспект болуп саналат. Ал жеке жана кесиптик өнүгүүнүн, маданий түшүнүүнүн жана социалдык байланыштарды бекемдөөнүн негизги компоненттеринин бири болуп эсептелет.

Заманбап дүйнөдө маалыматтын агымы көбөйүп, анын мааниси да жогорулаган сайын, маалыматтык маданияттын ролу өзгөчө болуп калууда. Билим алуу, кесиптик ийгилик, социалдык байланыштар жана жеке өнүгүү процессинде чоң салым кошот. Замандаш коомдо маалыматтык компетенцияларды өнүктүрүү, билим берүү системасында жана жеке жашоодо ийгиликке жетүүгө жардам берет. Ошондуктан, маалыматтык маданиятты калыптандыруу жана жакшыртуу маанилүү.

Маалыматтык компетенция — студенттердин маалыматты издөө, баалоо, пайдалануу жана өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү. Бул компетенция маалыматты туура жана натыйжалуу колдонууга, ошондой эле маалыматтык технологияларды колдонуу менен маалыматты иштетүүгө жардам берет. Адамдын маалыматтык компетенциясы, адатта, билим алуу процессинде, иште жана жеке жашоодо маанилүү роль ойноп, туура чечимдерди кабыл алууга көмөкчү болот. Ушул компетенциянын мааниси азыркы заманда, маалыматтын көлөмү жана аны пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү өсүп жаткан учурда, студенттер үчүн өтө жогору.

Мына ушул билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага окутуучу тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык. Окутуунун башкы жана азырынча эң эле негизги формасы болгон – сабак пайда болгон кезде эле ошол сабакта айтылуучу идеяларды, көтөрүлгөн проблемаларды студенттерге жеткирүү үчүн окумуштуулар, практик окутуучулар ыңгайлуу жолдорду изилдеп келишет. Мына ушул окутуу процессинде окутуучу менен студенттин билим алу жана берүү ыкмалары жана мамилелери окутуунун методдорун түзөт. Ал эми “метод” деген байыркы грек сөзү, бизче которгондо “максатка жетүүнүн ыкмасы жана жолу” деген маанини билдирет. Методду колдонуу үчүн, демек максат болушу керек, ошол максатка алып баруучу жол метод деп аталат [2,58].

Чет тилин окутууда маалыматтык маданиятты калыптандыруунун педагогикалык ыкмалары:
Интерактивдүү окутуу ыкмалары: тайпалык талкуулар, ролдук оюндар.
Технологияларды колдонуу: онлайн ресурстар, мультимедиялык материалдар.
Кейс – стадиялар: реалдуу жашоодон алынган мисалдарды колдонуу.
Проектик иш: студенттердин өз алдынча изилдөө жүргүзүүсү.
Интерактивдүү окутуу ыкмалары: Тайпалык талкуулар — студенттерди активдүү катышууга жана пикир алмашууга мажбурлаган окутуу ыкмасынын бири. Бул ыкма төмөнкүдөй артыкчылыктарды сунуштайт:

**Коммуникацияны өнүктүрүү**: Студенттер бири-бири менен баарлашып, өз ойлорун жана аргументтерин билдиришет, бул алардын сүйлөп өнүгүүсүнө жардам берет.

**Критикалык ой жүгүртүү**: Талкууларда студенттер суроолорго жооп берүү, талдоо жана жаңы идеяларды сунуштоо аркылуу өзүнүн критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүшөт.

**Мазмунга тереңирээк кирүү**: Группалык талкуулар теманы тереңирээк изилдөөгө жана көп тараптуу көз караштарды түшүнүүгө жардам берет. Студенттерди кичинекей топторго бөлүп, белгилүү бир теманы талкуулатууну сунуш кылуу. Мисалы, Темага байланышкан суроону жалпы тайпага берсе да жоопту жеке студенттен сурайбыз. Жоопту уккандан кийин “дагы башка пикир барбы?” деп студенттердин ойлорун угуу менен теманы кенири талкуулай алышат. Ролдук оюндар - бул окутууну креативдүү жана кызыктуу кылган ыкма, анда студенттер белгилүү бир рольго кирип, сценарийди аткарышат. Студенттер реалдуу жашоодогу ситуацияларга ылайык роль аткарып, тилдик көндүмдөрдү колдонууга мүмкүндүк алышат [5,161]. **Практикалык тажрыйба жана эмоционалдык байланыш** ролдук оюндар студенттердин эмоционалдык катышуусун жогорулатат, бул билим алууга кызыгууну арттырат.

**Топ менен иштөөдө** студенттердин командалык иштерде иштөө жана башкалар менен өз ара байланыш түзүү жөндөмдөрүн өркүндөтөт. Чет тилинде "Супер маркет" сценарийи боюнча ролдук оюн уюштуруу. Студенттер сатып алуучу, сатуучү жана кассачы катары роль аткарышат, бул аркылуу базардык сүйлөшүүлөрдү жана соода процесстерин практикада жаттап алышат. Интерактивдүү окутуу методдору, айрыкча группалык талкуулар жана ролдук

оюндар, студенттердин билим алууга болгон мотивациясын жогорулатат. Алардын билим деңгээлин, коммуникативдик жөндөмдөрүн жана критикалык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүгө чоң жардам берет. Чет тилин окутууда бул ыкмаларды колдонуу, студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу үчүн маанилүү.

Мультимодалдык окутуу - бул билим берүү процессинде ар түрдүү маалыматтын формаларын (текст, видео, аудио, графика) бириктирип колдонуу ыкмасы. Мындай ыкма студенттердин маалыматты түшүнүүсүн жана кабыл алуусун жакшыртат, анткени ар бир студент өзүнө ылайыктуу стилде билим алат жана кабыл алат. Тексттер, видеолор, аудиоматериалдар жана графикалык визуализациялар аркылуу билим берүү жана Студенттердин ар түрдүү сезимдерине таасир этип, маалыматты жакшыраак кабыл алууга жардам берет. Визуалдык жана аудиоматериалдардын колдонулушу студенттердин кызыгуусун жандандырып, окуу процессин кызыктуу болушуна шарт түзөт. **Индивидуалдык үйрөнүү**: Ар түрдүү формалар студенттердин өзгөчөлүктөрүнө жана үйрөнүү стилине ылайык билим алууга мүмкүнчүлүк берет. Мультимодалдык окутуу методдору билим берүү процессин жандандырган жана студенттердин маалыматты түшүнүүсүн жана кабыл алуусун жогорулата турган эффективдүү ыкмалар болуп саналат. Чет тилин окутууда бул методду колдонуу, студенттердин активдүүлүгүн жана мотивациясын жогорулатат, алардын тилдик көндүмдөрүн практикалык деңгээлде өнүктүрүүгө жардам берет. Инновациялык технологиялардын ичинде чыныгы окуу шарттарын пайдаланып окутуу кенири колдонулуп келүүдө. Бул окутуу усулу - Кейс-стади деп аталат. Бул усул окутуучу тарабынан чоң чыгармачылыкты талап кылат. Кейс стади усулу адистик билим алуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, ал өз кезегинде болочок муундун өнүгүүсүнө, калыптанышына таасир этет. Бул реалдуу жашоодон алынган мисалдарды колдонуп, теорияларды практикада иллюстрациялоонун методологиясы. Алар билим берүү, изилдөө жана чечим кабыл алуу процессинде кеңири колдонулат .

Студенттердин өз алдынча изилдөө жүргүзүүсү – билим алуучулардын аналитикалык жана изилдөөчү жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүү аспектиси. Мындай процесс студенттерге теорияны практикада колдонууга, жаңы маалыматтарды табууга жана өз пикирлерин негиздөөгө мүмкүндүк берет.

Жогоруда бир канча маалыматтар берилди жана ыкмалар каралды. Маалыматтык компетенция билим алуу процессинде чоң мааниге ээ. Жалпысынан, алганда чет тилин окутуу процессинде студенттердин маалыматтык маданиятын калыптандыруу алардын билим алуусун сапаттуу жакшыртууга, келечектеги карьерасында ийгиликтерге жетишүүгө жана жалпы эле заманбап дүйнөгө даяр болушуна чоң салым кошот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Вестник Иссык-Кульского университета, ISSN 1561-9516, 58/2024.
2. А.Муратов, К.Акматов Окутуунун жаңы технологиялары, Бишкек 2017
3. Вестник Ставропольского государственного университета, 57/2008.
4. Тынаркүл Рыскулова (которгон) Оюн аркылуу окуп үйрөнөбүз, ISBN 9967-21-759-6.
5. Ө.Салакеев Окутуу усулдары, Бишкек 2024